| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>БҮРГӨНДҮ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>БУРГАНДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|

Бүргөндү айылдык кеңешинин
XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясынын

Жаңы-Арык айылы **№ 5 – Т О К Т О М У** 6-апрель 2023-жыл

**"Бүргөндү айыл өкмөтүнүн аймагындагы ички жолдорго шагыл төшөө жөнүндө"**

Бүргөндү айыл өкмөтүнүн аймагындагы Жаңы-Жол айылынын, Чарбак № 1 көчөсүнүн, Чарбак № 1/1 көчөсүнүн, Кичи-Бүргөндү айылынын, Борсолдой айылынын, Жеңиш айылынын Ж.Исаков көчөсүнүн, Бүргөндү айылынын Таш-Коргон көчөсүнүн, Ууру-Жар айылынын көчөсү жана С.Турдалиев көчөсүнүн тургундарынын айылдык кеңешинин депутаттары тарабынан коюлган талапка ылайык башкача айтканда көчөлөрдү архитектуралык нормаларда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык кеңейтип, жолдорду сүрдүрүп, кууурларды коюп жергиликтүү калктын эсебинен тиешелүү жумуштар аткарылып шагыл төгүп берүү жөнүндөгү айыл тургундарынын кайрылууларын жана ага тиркелген жеринде жасалган жумуштардын сүрөттөрү менен таанышып чыгып Бүргөндү айылдык кеңешинин XXVIII – чакырылышынын кезектеги XVIII – сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Бүргөндү айыл өкмөтүнүн аймагындагы жергиликтүү тургундардын ички көчөлөргө шагыл төгүп берүү жөнүндөгү жазган кайрылуулары эске алынсын.

2. Бүргөндү айыл аймагындагы Жаңы-Жол айылынын 1 (бир миң метр) км аралыктагы даярдалган ички жолуна, Чарбак № 1 көчөсүнүн 500 (беш жүз метр) аралыктагы даярдалган ички жолуна, Чарбак № 1/1 көчөсүнүн 350 (үч жүз элүү метр) аралыктагы ички жолуна, Жеңиш айылынын Ж.Исаков көчөсүнүн 2 (эки миң метр) км аралыктагы ички жолуна, Кичи-Бүргөндү айылынын ички жолуна, Таш-Коргон көчөсүнүн ички жолуна, Борсолдой айылынын ички жолуна, Ууру-Жар айылынын көчөсүнө жана С.Турдалиев көчөсүнүн ички жолдоруна ички көчөлөрдү ирээттөөдө коюлган талаптардын аткарылгандыгын текшерүү менен жыл башында каралган акча каражатынан шагыл төгүү жагы каралсын.

3. Коюлган талапка ылайык даярдалган көчөлөрдү жергиликтүү депутаттардын катышуусунда тактоо жана ички жолдоруна шагыл төгүү боюнча тиешелүү иш аракеттерди көрүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы З.Арстанбековго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом массалык маалымат каражаттарына же сайтка жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Бүргөндү айылдык кеңешинин Финансы, бюджет экономика, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ө. Калмуратовко милдеттендирилсин.

**Бүргөндү айылдык**
**кеңешинин төрагасы:** _______________ **Б. Кубатов**